# Дидактика

№2 (21) февраль, 2023-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити


# “Улут болсом - тилим менен улутмун!”



ОшМУнун колледждери 21-февраль – Эл аралык Эне тил күнүнө карата "Улут болсом - тилим менен улутмун!" аттуу майрамдык иш-чара уюштурду. Мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор, доцент Мастура Шарипованын катышуусунда өткөн майрамдык кечеде дүйнө элдеринин ыр-бийи жаңырып, маданияты чагылдырылды.

“Колледждер арасында өткөрүлгөн иш-чараны жогорку деңгээлде уюштурган Эл аралык билим берүү программалары колледжинин эмгек жамаатына, кыргыз тили жана адабияты, Манас таануу предметтик циклинин төрайымы Бактыгүл Байтиковага ыраазычылык билдирем”,- деди Мастура Шарипова.

Кечеге мыкты катышкан студенттер окуу жайдын ыраазычылык каты жана дипломдору менен сыйланды.



**Ош мамлекеттик университетинин алдындагы Мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунун директору, педагогика илимдеринин кандитаты, доцент Ташболот Жороев:**

## “Өзүн таанybаган мугалим окуучулар менен мамиле курууда кыйнала берет...”

5-бетте



**ОшМУнун №1 факультеттер аралык кыргыз тили жана адабиятынын кафедра башчысы, педагогика илимдеринин кандитаты, доцент Зувайда Каразакова:**

## "ЖОЖДО ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН БААЛООНУН МААНИСИ ЖАНА РОЛУ"

6-7-беттерде

# “Жамааттык келишим” жаңыланды

ОшМУнун кесиптик кошунунун 1-февралдагы жыйынында ОшМУнун ректораты менен кесиптик бирлик комитетинин ортосундагы 2023-2026-жылдарга социалдык-экономикалык жана эмгек маселелери боюнча иштелип чыккан Жамааттык келишим талкууланды.

Буга чейин окуу жайдын кесиптик бирлик комитети 2019-жылдагы расмий тилдеги Жамааттык келишим менен иш жүргүзүп келишкен. Азыркы жаңыдан иштелген Жамааттык келишимге өзгөртүүлөр, кошумчалар, түзөтүүлөр киргизилип, кыргыз жана орус тилдеринде даярдалган.

Отурумдун жүрүшүндө ОшМУнун кесиптик бирлик комитетинин төрагасы Абсамат Саттаров комитеттин 2022-жылы үчүн жүргүзүлгөн иштери боюнча маалымат берип, 2023-жылдын иш планы менен тааныштырды.

Университеттин кесиптик бирлиги – административдик-башкаруу жана профессордук-окутуучулук курам, окуу-көмөкчү персоналдар мүчө болгон эң ири коомдук уюмдардын бири. Комитет окуу жайдын эмгек жамаатын укуктук жана социалдык жактан коргоого алып, эмгекти жана саламаттыкты коргоо, кызматкерлердин эс алуусун уюштуруу, спортту колдоо ж.б. иш-чараларын иштеп чыгып сунуштайт жана алардын аткарылышын көзөмөлдөйт.

# Дагы бир ири мекеме ОшМУга өттү

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун 2023-жылдын 16-февралындагы № 26 “Өлкөнүн туруктуу өнүктүрүүгө илимдин салымын жогорулатуу боюнча чаралар” жөнүндө Жарлыгына ылайык, “Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн гуманитардык жана региондук изилдөөлөр институту” мекемеси ОшМУнун карамагына өттү.

Жарлыкта белгиленген тартипте төмөнкү мамлекеттик илимий мекемелерди тиешелүү штаттарын, материалдык-техникалык базасын, жанаша аймактарын жана колдонуудагы каржылоо булактарын сактоо менен өткөрүп берүү жөнүндө токтом кылынган.

# ОшМУ Франция университети менен кызматташат

ОшМУнун ректору, профессор Кудайберди Кожобеков жана эл аралык байланыштар департаментинин директору Абдыганы Абдувалиев "Ерасмус+ КА 171" программасынын алкагында Франциянын Пуатье университетине барышты.

ОшМУ Пуатье университети менен "Ерасмус+ КА 171" программасынын алкагында эки тараптуу кызматташуу келишимине кол койду. Келишимге ылайык ОшМУнун окутуучулары жана студенттери мындан ары Пуатье университетинен бир семестр окуудан өтүп, семинар-тренингдерге катышып келе алышат.

Жолугушуунун жүрүшүндө ОшМУнун делегациясы окуу жайдын материалдык-техникалык базасы, окуу процессинин уюштурулушу, административдик башкаруусу, илимий жана окуу лабораториясы, спорт комплекстери, жатаканалары менен таанышты.

Мындан ары аталган окуу жай менен илимий долбоорлорду, кош дипломдуу билим берүү программаларын биргеликте ишке ашыруу боюнча кызматташуулар уланат.



# Аймактагы мамлекеттик жетекчилер ОшМУда окуудан өтүштү



2023-жылдын 27-28- февраль күндөрү ОшМУда Ош облусунун райондорунун башчылары-акимдерге жана айыл өкмөт башчыларына семинар-тренинг өткөрүлдү. Окутуу "Мамлекеттик башкарууда долбоорлорду башкаруу" темасынын алкагында болду.

Семинар-тренингди бизнес жана менеджмент факультетинин "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу" кафедрасынын окутуучулары Нурмухаммед Аташбаев, Марат Юсупов жана "Экономика жана салыктар" кафедрасынын доценти Назгуль Матикеева өттү.

Иш-чара ОшМУ менен Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын ортосунда түзүлгөн консорциумга жана 2022-жылдын 27-октябрында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу агенттигинин ортосунда түзүлгөн меморандумдун негизинде уюштурулду.

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы мамлекеттик кызматкерлерди жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу иш-аракеттеринде мындан ары да көмөктөшөт.

## АКШдан келген тренерлер мастер-класс өтүштү

"ОшМУнун Бизнес паркында" АКШдан келген бизнес тармагынын көрүнүктүү өкүлдөрү, белгилүү бизнес тренерлер Венделл Пек, Дарси Харис жана Канат Есмагамбетов тажрыйбалары менен бөлүшүп, мастер-класс өтүштү.

Тренерлердин бири Венделл Пек 2007-жылдан бери The Entrepreneurial Operating System (EOS) ишкердик операциялык системасы деп аталган бизнести башкаруу методологиясын үйрөтүп келе жаткан Absolute Traction компаниясынын ээси. Ал жеке бизнес ээлерин көз караш, тартип, жоопкерчилик, лидерлик сапаттар боюнча машыктырып келет.

Дарси Харрис Түндүк Америкадагы Mars Wrigley кондитердик фабрикасында камсыздоо тармагынын вице-президенти болуп иштеген. 30 жылдык иш тажрыйбасында Mars UK Petcare компаниясынын сатып алуулар боюнча директору, бир нече заводду, логистиканы жана кардарларды тейлөөнү башкаруу, M&M's, Snickers жана Twix сыяктуу 11 фабрикага жооптуу болгон Mars Chocolate Түндүк Америка боюнча операциялардын директору жана АКШдагы бир нече заводдордун сайтынын директору болуп иштеген. Учурда өзүнүн иш-тажрыйбасы боюнча насаатчылык иштерин алып барат.

Ал эми Канат Есмагамбетов окутуу жана өнүктүрүү боюнча 20 жылдык тажрыйбасы бар эксперт. GLPre кошулганга чейин ал Индиядан келген эң ири фармацевтикалык компания болгон Dr. Reddy's Laboratories үчүн окутуу жана өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы болгон. Канат Есмагамбетов эл аралык экономика боюнча бакалавр даражасын жана уюштуруучулук лидерлик боюнча магистр даражасын алган.

Мыкты тренерлердин катышуусунда өткөн жолугушууга 70тен ашуун ОшМУнун стартаперлери, студенттер, окутуучулар катышты.

## ОшМУ Венгриянын ЖОЖдору менен кызматташат




Президент Садыр Жапаровдун Венгрияга болгон сапарынын алкагында Кыргызстандагы 18ге жакын жогорку окуу жайларынын ректорлору, анын ичинде ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков Кыргызстан менен Венгриянын ортосундагы билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтыкты күчөтүүгө багытталган бир катар иш-чараларга катышты.

Иш чаралардын алкагында ректор Кудайберди Кожобеков Венгриянын ELTE (Eötvös Loránd University) университетинин жетекчилиги менен жолукту. Эки университет ортосунда билим берүү жаатындагы эл аралык мамилени чыңдоо, тажрыйба алмашуу, студенттердин академиялык мобилдүүлүк программасы багыттарында кызматташуу келишимине кол коюшту.

Ошондой эле, Венгер - Кыргыз университеттеринин ректорлорунун эл аралык форуму өттү.

## ОшМУ менен Imperial English компаниясы кызматташат

Улуу Британиянын өкмөтү тарабынан таанылган Imperial English компаниясынын директору Говинд Десаи мырза ОшМУда болуп, окуу жайдын илимий иштер боюнча проректору Руслан Арапбаев менен жолугушту.

Жолугушууга Эл аралык медицина факультетинин деканы Роман Калматов жана аталган факультеттин социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын башчысы Райкан Ысмаилова да катышты. Анда Говинд Десаи мырза Imperial English компаниясынын курстары тажрыйбалуу практиктер тарабынан иштелип чыккандыгын жана эл аралык стандарттарга жооп берерин белгиледи. Бул программада студенттерди окутуу бир топ жеңил болорун, деңгээлдер боюнча 7 китеби жана атайын англис тилин үйрөтүүчү санариптик колдонмолор бар экендигин кошумчалады. Курсту окуган студенттерге бул деңгээлдер боюнча китептер жана колдонмолор берилерин, ушул эле студенттерге билим берген окутуучулар акысыз окуулардан өтөөрүн айтты. Курстун аягында сертификаттар берилет, каалоочулар үчүн Улуу Британияга тил билүү деңгээлин жогорулатуучу 2 жумалык, 1 айлык турлар да уюштурулат.

Imperial English компаниясы менен ОшМУнун ортосунда кызматташуу меморандумуна кол коюлду. Эми меморандумдун алкагында эки тараптан тиешелүү адистер иш алып барышат. Говинд Десаи мырза иш сапарынын алкагында ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы, IELTS тренерлери менен кызматташуунун багыттары боюнча жолугушууларды өткөрдү.

## Кытай тилине арналган эл аралык семинар

ОшМУнун Кыргыз-Кытай факультетинде 18-19-февраль күндөрү "Борбор Азия өлкөлөрүндө кытай тилин эл аралык окутууда кытай тилин билүү деңгээлинин стандарты" аттуу эл аралык семинар өткөрүлдү. Аталган семинарга Кыргызстан, Казакстандан, Тажикстан, Өзбекстан өлкөлөрүнөн 40тан ашуун кытай тили мугалимдери катышты.

Семинардын ачылышында ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Жылдыз Артыкова мындай семинарларды, конференцияларды өткөрүү демилгеси бүгүнкү күндө абдан актуалдуу экенин белгиледи.

Аталган семинарда Чыгыш Кытай педагогикалык университетинин профессору Йежюнь, Эл аралык кытай тилин тестирлөө борборунун директору Хуан Лей, Евразия улуттук университетинин кытай тили жана адабияты кафедрасынын башчысы, доцент Даулетали Акбархан, Ташкент мамлекеттик чыгыш таануу университетинин Конфуций институтунун директору, доцент Саодат Насирова, Орус-Тажик (Славян) университетинин кытай тили мугалими Юлия Муродова, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин кытай тили мугалими Абдужапар уулу Канатбек жана ОшМУнун Кыргыз-Кытай факультетинин кытай тили кафедрасынын башчысы Маратбек Абдыкулов сыяктуу алдыңкы окутуучулар жана эксперттер тажрыйбалары менен бөлүшүштү.

Эки күндүн ичинде эксперттер стандарттарга талдоо жүргүзүп, окутууда колдонуу, жаңы HSK тесттерин, окуу куралдарын жана окуу китептерин иштеп чыгуу, алдыдагы иш-аракеттер боюнча ой бөлүшүп, пикир алмашышты.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# Айыл чарба министри ОшМУда

"ОшМУнун Бизнес паркында" Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министри Аскарбек Джаныбековдун Ош облусундагы жаш агроишкерлер менен жолугушуусу өттү. Аталган жолугушууга ОшМУнун илимий иштер боюнча проректору Руслан Арапбаев, Enactus Kyrgyzstan коомдук уюмунун аткаруучу директору Гульбарчин Суюнова, Ош облусундагы жаш агроишкерлер, окутуучулар, студенттер катышты.

"Жаш Табышкер" долбоорунун алкагында уюштурулган жолугушууда министр өсүмдүктөрдү өстүрүү, мал чарбачылык, токой чарба, тамак-аш өндүрүү, айыл чарбага керектелүүчү IT технологиялар багыттарында иш алып барган жаш ишкерлердин сунуш-пикирлерин угуп, суроолоруна жооп берди.

Учурда ОшМУда агрардык технологияларга, айыл чарбасын өнүктүрүүгө жакшы көңүл бурулуп келет, заманбап ветеринардык клиника да курулуп жатат. Окуу жайда иштелип чыккан агростартаптарды окуу жайдын Ботаникалык багында ишке ашыруу пландаштырылган.



# ОшМУ Иран университети менен кызматташат



Иран Ислам Республикасынын Аль-Мустафа атындагы Эл аралык университетинин тил жана ислам илимдери борборунун Борбор Азия аймагы боюнча директору, профессор Али Мохсени ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору Замирбек Божонов менен жолугушту. Жолугушууда ОшМУ менен Аль-Мустафа атындагы Эл аралык университетинин алдыдагы кызматташтыгы боюнча сөз болду.

Профессор Али Мохсени чыгыш таануу илим-изилдөө институтунун директору Ильдус Гимазитдинов менен Эл аралык мамилелер факультетинин чыгыш таануу кафедрасында болуп, кафедра башчысынын милдетин аткаруучу Элес Эркебаев менен пикир алышты. Иш сапардын алкагында чыгыш таануу адистигинин студенттери менен жолугушуп, өткөн окуу жылында араб жана фарси тилдери боюнча онлайн форматта билим алган 10 студенттин ичинен эки студентке сертификат жана стипендия тапшырды.

ОшМУнун жана анын чыгыш таануу илим-изилдөө институту, чыгыш таануу кафедрасы менен биргеликте алдыда жасай турган бир топ иштер боюнча макулдашуулар болду.

Жолугушуу ОшМУнун эл аралык мамилелер факультетинин чыгыш таануу кафедрасынын доценти Жолдошбек Бөтөнөев жана аталган кафедранын улук окутуучусу Аскар Шайымкуловдун демилгеси менен уюштурулган.

## ОшМУдагы сабактар УТРКдан чыгып баштайт

Улуттук телерадио берүү корпорациясы (УТРК) ОшМУ менен биргеликте "Теледарс" көрсөтүүсүн даярдап, көрүүчүлөргө сунуштап баштады. Учурда ОшМУда эмгектенген окутуучулардын экология, экономика, тарых, дыйканчылык, бала тарбиялоо, этностор аралык ынтымак багыттары боюнча сабактары тартылып жатат.

Көрсөтүү УТРКдан бейшемби, жума күндөрү саат 15:15те көрсөтүлөт. Узактыгы 45 мүнөттүк теле дарс ОшМУнун "Маркетинг, коммуникация жана коомчулук менен байланыш борбору" маалымат бөлүмү тарабынан тартылып жатат.

## ОшМУ бир күндүк маянасын Түркияга которду

Мындай чечим ОшМУнун Административдик кеңешинде кабыл алынды. Ага ылайык боордош Түркия мамлекетинде болгон зилзаланын кесепетинен жабыркагандар үчүн Ош мамлекеттик университетинин профессордук - окутуучулук курамынын бир күндүк айлык акысынын эсебинен 1 млн. сом акча каражатын которду.

## Жаш изилдөөчүлөр үчүн онлайн семинар өттү

Илимий-изилдөө бөлүмү тарабынан университеттин магистрант, докторант жана аспиранттары үчүн илимий-методикалык онлайн семинар уюштурулду.

Назарбаев университетинин профессору, ОшМУнун ардактуу профессору Дүйшөн Шаматов өзүнүн тажрыйбасы менен бөлүшүп, баяндама жасады.

Семинарда кызыктуу баарлашуу орун алып, пайдалуу маалыматтар айтылды. Семинар магистратура жана докторантурада изилдөө методдору курстары жана аны окутууда профессионалдык өнүгүүнү жүргүзүүнүн зарылчылыгы барбы же жокпу деген талкууну өткөрүү максатында уюштурулду. Жыйынтыгында илимий-изилдөө усулдары боюнча курсту окутуу үчүн "Жайкы мектеп" уюштуруу боюнча сунуштар каралды.

## Scopus базасындагы журналдарга макала жазуу үйрөтүлдү

Илимий-изилдөө бөлүмү тарабынан 2023-жылдын 6-февралынан 10-февралына чейин беш күнгө түзүлгөн графиктин негизинде окутуучуларга "Scopus базасындагы индекстелген илимий журналдарга макала жазуу жана басмага берүү" аттуу семинар-тренинг уюштурулуп, өткөрүлдү.

Семинар-тренингге "Кышкы окуунун" катышуучулары баяндама жасашып, катышуучулар скопус базасында индекстелген эл аралык абройлуу илимий журналдарга макала жазууда теманы жана методологияны туура тандоо (Stata программасын колдонуу), макаланы басмага берүүдө скопустун базасынан илимий журналдарды издөө (SCIMAGO системасынын жардамында) жана илимий журналдардын деңгээлдери (журналдын квартили, OPEN ACCESS ж.б.) боюнча толук маалымат алышты.

Семинар-тренингди өткөрүүнүн максаты ички рейтингдин, регионалдык рейтингдин талаптарын так жана туура системалуу аткарууда иш-аракеттерди күчөтүүгө багытталган. Жалпысынан, семинар-тренингге катышкан 370тен ашуун катышуучу илимий макаланы жазуу жана басмага берүү процессин түшүнүү үчүн зарыл болгон негизги маалыматтарга ээ болушту.

## ОшМУнун 5 окутуучусу Италиядан окуп келет

ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин 5 окутуучусу коомдук саламаттыкты сактоо багыты боюнча Италиянын Милан университетинен академиялык мобилдүүлүк программасынын алкагында билим алып келишет. Алар аталган факультеттин коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын башчысы, доцент Акшоола Турусбекова, улук окутуучулар Исабек Гуламов, Тимур Пайзилдаев, окутуучулар Гульзат Жанадилова, Аваз кызы Жылдыз. Окутуучулар Милан университетинен коомдук саламаттыкты сактоо багыты боюнча профессор Клаудио Колозионун жетекчилигинде мобилдүүлүктөн өтүшөт.

Академиялык мобилдүүлүк жана жайкы мектеп Erasmus+ программасынын HARMONEE долбоорунун алкагында Борбордук Азиядагы өнөктөштөр үчүн англис тилинде уюштурулат.

Мобилдүүлүктүн финансылык чыгымдарын HARMONEE долбоору каржылайт.

## 13 студент Түркия университетинде билим алып келди





Түркиянын Сивас шаарындагы Жумхуриет университетинен 2022-2023-окуу жылынын күзгү семестринде ОшМУнун 13 студенти академиялык мобилдүүлүктөн өттү. Алар медицина, дүйнөлүк тилдер жана маданият, математика жана информациялык технологиялар, эл аралык мамилелер факультетинин жана эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин студенттери. Учурда медицина факультетинин 2, математика жана информациялык технологиялар факультетинин 1 студенти билимин улантып жатат.

"ОшМУ студенттерге чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берген окуу жай. Бул мүмкүнчүлүктөр студенттердин чет өлкөдөгү окуу жайлардан, кайсыл өлкө болбосун, ошол өлкөнүн жараны сыяктуу эркин билим алуусуна шарт түзөт. Биз да ОшМУнун студенттеринин катарында Түркиядагы эң алдыңкы университеттердин бири болгон Сивас Джумхуриет университетинде мобилдүүлүктөн өтүп келдик. Жаңы адамдар достошууга себеп болду", -дейт Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин 3-курсунун студенттери Айдана Ажимаматова.

ОшМУ Жумхуриет университети менен «Эрасмус+» программасы аркылуу 2015-жылдан бери кызматташып келет. 2020-жылы ОшМУнун ректору Түркияга болгон иш сапарында Жумхуриет университети менен эки тараптуу кызматташуу келишимине кол койгон.

## Эл аралык сынакта ОшМУнун окутуучусу жеңүүчү аталды



Кытай Эл Республикасынын Эл аралык кытай тилин тестирлөө борбору жана Сингапурдун Крестар Конфуций классы тарабынан өткөрүлгөн "Экинчи эл аралык кытай тилин окутуу боюнча видео сынакта" Кыргыз-Кытай факультетинин окутуучусу, кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысы Маратбек Абдыкулов "Эң мыкты регионалдык катышуучу" сыйлыгын утуп алды.

Аталган сынакта АКШ, Кытай, Россия, Англия, Испания, Таиланд, Египет жана башка 21 өлкөнүн 347 кытай тили окутуучусу катышкан. Жыйынтыгында эң мыкты аталган 44 окутуучуга номинациялар, сыйлыктар ыйгарылган.

# Эстен кеткис көз ирмемдер

# Эл аралык эне тил күнү

ОшМУнун жыйындар залында 21-февралда Ош шаарынын мэриясы, Ош мамлекеттик университети жана Кыргызстан калкы ассамблеясынын Ош бөлүмү тарабынан Эл аралык эне тил күнүнө арналган "Мамлекеттик тил - достуктун жана биримдиктин тили" деген аталыштагы майрамдык иш-чара өттү.

Майрамдык салтанатка Ош шаарынын вице-мэри Сонунбек Жунусбаев, Кыргызстан элдер ассамблеясынын Ош шаарындагы филиалынын төрагасы Балтагул Нурумбетов, ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору Замирбек Божонов, Оштогу ар улуттун өкүлдөрү, профессордук-окутуучулук жамааты, студенттер катышты.

Майрамдык иш-чаранын алкагында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жарыялаган Эл аралык эне тил күнүн белгилөөнүн бир айлыгынын алкагында Ош шаарында өткөрүлгөн кароо-сынактардын жыйынтыгы чыгарылып, жеңүүчүлөр сыйланды. Аталган бир айлыктын алкагында өткөн иш-чараларда жигердүү катышкандыгы үчүн Ош мамлекеттик университетине, окуу жайдын бир топ факультеттеринин жамаатына, окутуучуларга Ош шаардык мэриясынын ыраазычылык баракчалары, дипломдору тапшырылды.

Эне тил күнүнө арналган кечеде Ош мамлекеттик университетинин таланттуу окутуучуларынын, студенттеринин, Ош шаарындагы диаспора өкүлдөрүнүн тил, маданият, улуттук нарк, улуттук идеология, адеп-ахлак, достук, ынтымак, улуттар аралык урмат-сый маселелерин өз ичине камтыган концерттик программасы тартууланды.

Кыргызстан элдер ассамблеясынын Оштогу бөлүмү тарабынан Ош шаарындагы диаспора өкүлдөрүнүн улуттук көргөзмөлөрү коюлду.

Жыйынтыгында активдүү катышуучуларга Ош шаарынын мэриясынын дипломдору, баалуу белектери жана акчалай сыйлыктары тапшырылды.

Эскерте кетсек, Эл аралык эне тил күнү 1999-жылдын 17-ноябрында ЮНЕСКОнун Башкы конференциясы тарабынан жарыяланып, 2000-жылдан бери маданий көп түрдүүлүктү жана көп тилдүүлүктү өнүктүрүү максатында жыл сайын белгиленип келет.















Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

**Ош мамлекеттик университетинин алдындагы Мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунун директору, педагогика илимдеринин кандитаты, доцент Ташболот Жороев:**

# "Өзүн таанабаган мугалим окуучулар менен мамиле куруууда кыйнала берет..."

***- Ташболот агай, сиз көп жылдан бери билим берүү методикасы тармагында үзүрлүү эмгектенип келе жатасыз. Бүгүнкү күндө мыкты, жугумдуу сабак берүү үчүн мугалим кайсы сапаттарга көңүл буруш керек?***

- «Мугалим ушундай сапатка ээ болсо эле мугалим болуп калат» деген сөзгө мен кошулбайм. Мугалим болуш үчүн канында, жүрөгүндө, дилинде, дээринде бар адамдар мугалим болот деп ойлойм. Анткени, мугалим бул баланы бир эле окутуп, тарбия эле бербестен, ошол баланын жашоосуна, адам болуусуна, ушул коомдо жашап кетүүсүнө эң негизги таасир эткен инсан.

Мугалим биринчи кезекте баланы өзүнүн баласындай сүйүш керек. Балага деген мээрим, сүйүү, боорукерлик, ынтызарлык болуш керек. Баланы өнүктүрөйүн, өстүрөйүн деген изги тилеги, жүрөгүндө бир аз касиети бар болбосо, ал адамдын мугалим болушу кыйыныраак.

***- Маалымат технологиясы өнүккөн сайын билим берүү түйшүгү көбөйдү. Анткени, балдарды сабакка кызыктыруу бир топ татаалдашып калды, бул көйгөйдү кантип чече алабыз?***

- Мурда маалыматтар төрт-беш жылдан кийин өнүгүп жатса, азыр мүнөт, секунд сайын жаңылыктар келипжатат.Мынаушундайжашоодо маалыматтардын аркасынан кууп, жаңы технологияларды өздөштүрүп жатып, биз тарбияны, адамгерчилик баалуулуктарды унутуп калдык. Ошондуктан кандай заман болбосун, кандай технологиялар өнүккөн заманда жашабайлы, баары бир биз адам болгондон кийин, адамгерчилик деген сапатты калыпташыбыз керек. Азыркы учурда илим менен техника өнүгүп, ушундай бир гиперактивдүү гипертехнологиялар пайда болуп жатат. Мына ушуларды иштеткен адамдар биринчи кезекте жумшак көндүмдөрү өнүккөн адамдар болушу керек. Башкача айтканда алдабай турган, таза, чынчыл, команда менен, көпчүлүк менен иштей турган, учурунда өзү дагы бир жаңы технологияны тез үйрөнө турган сапаттарга ээ адамдар болушу өтө керек. Азыркы учурда ушул илим менен технологиянын аркасынан түшүп алып, адамгерчиликти унутуп калсак, анда биздин коомубуз эртеби, кечпи, бир чоң трагедияга кептелет. Ошондуктан адамгерчилик сапат биринчи орунда туруш керек.

***- Билим-тарбия берүүдө окуучулардын жөндөмү ар башка болот. Аларга канткенде баарына тегиз, сапаттуу билим жеткире алабыз?***

- Адамдардын түшүнүгү, социалдык абалы, кыял-жоругу, мүнөзү, ой жүгүртүүсү ар түрдүү болору мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ушундай абалда алардын өзгөчөлүгүнө карап туруп сабак берүү мугалимден чоң чеберчиликти талап кылат. Азыркы өнүккөн заманда ички маданияты жогору, окуучулардын кулк-мүнөзүн сезе билген, педагогикалык психологияны жакшы өздөштүргөн мугалим болсо аябай жакшы болмок. Башкача айтканда, мүнөздөрү ар түрдүү окуучуларды өзгөчөлүгүнө жараша дизайн ой жүгүртүү, сынчыл ой жүгүртүү, системалуу ой жүгүртүү - ушундай касиеттерге ээ болгон мугалимдер сабак берсе ар түрдүүлүк андан ары өсүп-өнөт.

***- Мектептерде окуучулар менен мугалимдин ортосунда түшүнбөстүктүн бар экени байкалат. Жакында эле күчүк темасы бир резонанска айланды, мына ушундай кырдаалда мугалимдер кандай кадам жасаганы туура?***

- Жаныбарларды жаман көрүп, аларды изоляциялап, аларды адамдарга кошпой, адам деген башка, жаныбар деген башка деген түшүнүктү жаратыштын өзү башка нерсе. Ошондуктан биз жаныбар менен, жаратылыш менен гармониялуу жашай турган деңгээлге жетип калдык.

***- Окуучулар арасында тартиби начар, билими дагы жетишсиз окуучулар албетте болот. Аларга сабырдуу, толеранттуу мамиле жасоо үчүн мугалимдерге кандай кеңештерди берет элеңиз?***

- Тарбиясы начар окуучуларга мамиле кылуу аябай татаал. Ошондуктан, биринчи, педагогдорго мен өзүн-өзү тааный алуу, көйгөйлөрдү чече билүү компетенттүүлүктү - жалпы билим берүүнүн үч компетенциясынын үчүнчүсүн сунуштайт элем. Эгер адам өзүн-өзү таанубаса, башка бирөөлөрдү таанып биле албаса, мамилеси начар боло берет. Ошондуктан биринчи кезекте мындай балдар менен иштөөдө, ошол тарбиядан аксап калган балдарды өзүн-өзү өнүктүрө турган методика бар, бала өзү кандай сапаттарга ээ, кайсы сапаттары жакшы? Ошону анализдеп, өзүнө биринчи аңдап түшүндүрүш керек.



***- Педагогикалык жаатта билим алып жаткан келечектеги мугалимдер - азыркы студенттер үчүн кайсы көндүмдөргө, тажрыйбаларга басым жасоосун сунуштайсыз?***

- Азыркы педагогдор балдардын тажрыйбасын өстүргөнгө өзгөчө басым жасашы керек. Окутулуп жаткан билимди практикада колдонуп, анализдеп көрүп, талдап, үйрөнүлүп жаткан мазмунду өзүнүн башынан өткөрүш керек. Муну педагогикада эмприкалык билим деп коёт.

***- Агай, сизди биз БУУ тарабынан кабыл алынган "Туруктуу өнүгүү максаттары" боюнча тажрыйбалуу адис деп билебиз. Ушул "максаттар" тууралуу гезит окурмандарына түшүндүрмө берип кетсеңиз?***

- Бириккен улуттар уюму туруктуу өнүгүү максаттарын алдыдагы планга койгон. Мунун эң негизги максаты адамдын баалуулуктарын, экосистеманы, ар түрдүүлүктү, дегеле адамдагы позитивдүү ой жүгүртүүнү, позитивдүү мамилени кандай деңгээлде болбосун, сактап калуу. Азыркы дүйнө жүзүн карап көрсөк, абдан өнүгүп кеткен мамлекеттер бар, ошол эле учурда курсагын тойгуза албай жүргөн адамдар жашаган мамлекеттер дагы бар. Мына ушундай ар түрдүү мамлекеттердин бардыгы биригип келип адамзаттык баалуулукту жараткан. Туруктуу өнүгүүдө өнүгүп жаткан мамлекеттердин өзгөчөлүгүнө карабастан, экологияны сактап калуу.

***- Чоң ырахмат, агай, убактыңызды бөлүп маек куруп бергениңиз үчүн. Ишиңизге ийгиликтерди каалайбыз, аман болуңуз!***

**Маектешкен:**
**Курманжан Эркинбаева**

# "VIA melody" ансамблинен жандуу музыка

ОшМУнун башкы имаратындагы жыйындар залында Искусство факультетинин окутуучуларынан жана студенттеринен куралган "VIA melody" эстрадалык ансамблинин тушоо кесүү концерти өттү. Аталган топтун жетекчилери - элдик музыкалык аспаптарда аткаруу жана ырдоо кафедрасынын окутуучулары Нагима Куттубаева жана Ханзаада Каримова.

Тушоо кесүү концерти 23-февраль – Ата мекенди коргоочулар күнүнүн урматына уюштурулуп, ага окуу жайдын окуу иштери боюнча проректору Замирбек Божонов, дистанттык билим берүү технологиялар менен иштөө боюнча проректору Таасилкан Жумабаева, студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Жылдыз Артыкова баштаган профессордук-окутуучулук курамы, студенттер катышты.

Концерттин жүрүшүндө жандуу үн, жандуу музыканын коштоосундагы улуттук, заманбап ырлар жаңырып, көрүүчүлөрдүн алкышына арзыды. ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору Замирбек Божонов "VIA melody" эстрадалык ансамблине чыгармачылык эргүү каалап, окуу жайдын ыраазычылык катын, дипломун жана акчалай сыйлыгын тапшырды.











ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин №1 факультеттер аралык кыргыз тили жана адабиятынын кафедра башчысы, Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
Каразакова Зувайда Жамиловна:



# ЖОЖДО ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН БААЛООНУН (ИЧКИ РЕЙТИНГ) МААНИСИ ЖАНА РОЛУ



Сырттан байкоо аркылуу баа берүү, текшерүү, өлчөө жана экспертизадан өткөрүү - өтө татаал жана жоопкерчиликтүү иштердин бири. Бирок, бул адам жашоосун үзгүлтүксүз коштоп келаткан зарылдык экени да талашсыз. Ошондой эле ишмердүүлүктүн бардык тармактарында башкаруунун милдеттүү элементи катары колдоо таап, үзгүлтүксүз колдонулуп келаткандыгы анык. КМШда ЖОЖдордун ишмердүүлүгүнө баа берүү 1970-жылдары Ленинград политехникалык университетинен башталган, ал эми 1990-жылдары жаңыланган моделдери иштелип чыгып, өндүрүштө колдонууга берилген. Андан бери ата мекендик жана чет элдик бир катар жогорку окуу жайлар бул боюнча стандарттарды, жоболорду бекитип, Е.Ю. Васильева, Т.Е.Исаева, М.П.Чуриков, Ю. Ю.Котляренко, Н. А. Киреева, С.И. Кузнецова, Е.П.Косинова, И.А.Королева, В.А. Лазаренко, Г.В.Петрук, С.Д. Резник, Т.М. Рябова, Н. Л.Шубина сыяктуу окумуштуулар илимий-изилдөө жүргүзүшүп келишет.

Билим берүү жаатында салттуу баалоонун оптималдуу варианттарын сактоо менен заманбап билим берүү сапатынын процессин мүнөздөгөн, мамлекеттин, коомдун жана инсандын керектөөлөрүнө жооп берген жана анын мазмун-милдетин өзгөртүүнүн талап кылган ийкемдүү, консервативдүү, натыйжа берчү баалоо методдоруна өтүү актуалдуулугун жоготпой келет. Анткени, мамлекеттин өнүгүүсү билим берүү менен тыгыз байланышкандыктан, коомдун сапатка болгон олуттуу талаптары билим берүүнү реформага муктаж экендигин аныктап койду. Жыйынтыгында, ЖОЖдор (ООЖдор, жалпы жана мектепке чейинки билим берүү мекемелер) арасында ачык атаандаштык пайда болду.

Байкообузга караганда, көп жылдар бою өнүгүүнүн алгачкы баскычында б.а. көп кадамдуу, узак мезгилдүү концепцияларды, жоболорду, стратегияларды иштеп чыгууну гана артыкчылык катары карагандыктан бир чети убакыттан уттуруу, экинчиден реалдуу натыйжага жетпегендик айкын болду. Балким, билим берүүнүн жалпы, түрдүү маанилүү терминдерине байланган, ийкемдүүлүгү эске алынбаган долбоорлорго байланып, натыйжалуу сапатка маани берилбей келет. Мындан тышкары, бүгүнкү күндө ЖОЖдор базар экономикасынын бир субъектиси катары өз алдынча өнүгүүнүн багытын, максатын жана методун аныктоого укук алгандыгына айрым факультеттер (бүтүрүүчү кафедралар) анчейин маани бербей келаткандыгы да инновациялык өнүгүү режиминен чыгалбай жаткандыгын айгинелеп турат.

Мындан тышкары чет элдик окуу жайларда профессордук-окутуучулук курамдын ишмердүүлүгүн алардын илимий изилдөө иштерине байланыштырат, анткени ири өлчөмдөгү гранттарды, кошумча каржылоо булактарын тартуу үчүн долбоорлор менен иштешет. Албетте, бул өлкөнүн өнүгүүсүнө, адамзаттын жашоо-шартын жана экосистеманы жакшыртууга салымын кошот. Ал эми КМШдагы университеттер теориялык билим берүү менен гана чектелип, өлкөнүн багытынан, максатынан, өндүрүштөн ажырап калгандыгын окумуштуулар И.Н.Ким, С.В.Лисиенко, Г. Андрущака, М.Юдкевич ж.б. тастыкташат.

ЖОЖдордун өнүгүүсүнө ички-тышкы (коомдук, мамлекеттик, көз карандысыз) көзөмөл жана баалоонун ырааттуу системасы түздөн-түз таасирин тийгизет. Ар бир окутуучунун, кафедранын, факультеттин ишмердүүлүгүн комплекстүү баалоо заманбап билим берүүдөгү эң олуттуу жана көйгөйлүү маселелердин бири экендигине карабай, жалпы, комплекстүү рейтингге өтүү керек. Албетте, сабактын өтүлүшүн эсепке алуу, керектүү иш кагаздарынын санын жана тизмесин талап кылуу жана байма-бай текшерүү, сабакка катышуу, көрмө байкоо жүргүзүү сыяктуу көзөмөлдөөлөр менен гана чектелбестен, билим берүү менен кошо билим алуунун реалдуу көрсөткүчтөрүнө басым жасоо б.а. акыркы жыйынтыктын сапатын ачык көрсөткөн натыйжага багыт алуу, дүйнөлүк заманбап жетишкендиктерге жетүүдөгү жаңы ыкмаларга, критерийлерге басым жасоо зарыл. Рейтинг ЖОЖдор аралык атаандаштык үчүн гана эмес, ар кандай кырдаалдар үчүн да маанилүү экенин эске алуу зарыл. Мисалы, кабыл алуудагы студенттердин санынын аздыгы, предметтердин жоюлушу, кредиттердин кыскарышы, кызмат орундарга (окутуучу, улук окутуучу, доценттик ж.б.) атаандаштыкты күчөтүү, ички эмгек тартибин сактоо ж.б.

Ички рейтинг университеттеги окуу, усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык, башкаруучулук жана чарбалык иштердин сапатын жакшыртуучу башкаруу куралы болуп саналат. Себеби, баалоо, рейтинг жүргүзүү бул – ар бир окуу жайдын максатка жетүү жолу. Демек, ички рейтингдин алгылыктуу жактары көп:

- негизги жыйынтык үчүн тышкы рейтинг маанилүү, бирок ага жетишүү үчүн ички рейтингдин ролу чоң;
- университеттин ишин башкаруунун жана жакшыртуунун маанилүү куралы - ички рейтинг;
- ОПКнын багыты, максаты жана милдети так аныкталат;
- сапат ар тараптан камсыздалат;
- ОПКнын, түзүмдөрдүн ишмердүүлүгүндө туруктуулук орнойт, өнүгүү кепилдиги жогорулайт;
- ОПК ар тараптан өнүгүүгө аракет жасайт, максаты так аныкталат, мыкты эмгек бааланарын билет;
- кызмат орунга атаандаштык күч алат (изденбеген, өнүгүүгө басым жасабаган, маяна үчүн гана иштеп жүргөндөрдүн ордун күчтүүлөр ээлейт);
- ар бир окутуучу рейтингдин жыйынтыгына карап, өз багытын тактап, ишмердүүлүгүн көзөмөлдөйт;
- рейтингдин жыйынтыгы окуу жайдын ишин жөнгө салып, туруктуу өнүгүүгө кепилдик берет;
- ар бир окутуучу өз ишинин натыйжалуулугун коллектив тарабынан критикалык, олуттуу жана ачык талдоо аркылуу университеттин ишин жакшыртууга жана өнүктүрүүгө багыт алат;
- баалоо бир гана университет үчүн гана эмес, окутуучунун өзү үчүн да маанилүү;
- ОПКнын ишмердүүлүгүнүн сапатына үзгүлтүксүз талдоо жүргүзүү ж.б.

КМШдагы жана өлкөдөгү бир катар ЖОЖдордо (Кыргыз-Түрк "Манас", БААУ (АУЦА), ОшМУ, КММА, И.Раззаков атындагы КМТУ, КЭАУ ж.б.) баалоонун бир канча стандарттуу жана өзгөчөлөнгөн критерийлери бар. Байкообузга караганда, Кыргыз-Түрк "Манас" жана БААУнун (АУЦА) ички рейтинги комплекстүү жүргүзүлгөндүктөн, максаттуу жана натыйжалуу экендигин белгилөөгө болот. ОшМУда ички рейтинг системасы "Электрондук жеке баракча" платформасы аркылуу ишке ашырылат. Бул профессордук-окутуучулук курамды илимий изилдөө жүргүзүү иштерине тартуу, эффективдүүлүктү жогорулатуу, стимулдаштыруу максатын көздөгөн. Мунун жыйынтыгы менен айлык акысына кошумча акы кошулуп турат.

Албетте, алдыңкы университеттер заман талабына жараша рейтингдин критерийлерин тынымсыз иштеп жаткандыгы анык.

Рейтинг ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун, кадрлардын потенциалын жогорулатууга, квалификациянын, кесипкөйлүктүн жана өндүрүмдүүлүктүн өсүшүнө дем берүүгө багытталган.

Рейтингди ишке ашыруу үчүн алгач төмөнкүдөй кадамдарды аныктап алуу зарыл:

1. Баалоонун бирдиктүү комплекстүү критерийлерин алуу;
2. Баалоо критерийлери предметтин, кызмат орундун өзгөчөлүгүн эске алган бирдиктүү системада болуусу;
3. Ар бир кафедра багыттык өзгөчөлүгүнө жараша баалоонун жеке критерийлерин иштеп чыгуу;
4. Мерчемделген ар бир иш-аракет сапаттык натыйжа менен аякташы керек, негизгиси - университеттин ишин жакшыртууга жана өнүктүрүүгө салымы болушу,
5. Бүтүндөй университеттин рейтингин жогорулатууга салым кошуу менен мотивацияны өнүктүрүү;
6. Университетте ар бир окутуучунун ишмердүүлүгүн ар тараптуу чагылдырган фактылык маалыматтуу база түзүлүш керек;
7. Факультеттердин, кафедралардын жана окутуучулардын ишинин деңгээлин жана натыйжалуулугун көзөмөлдөп туруу;
8. Критерийлерди так, обьективдүү, талаш жаратпай тургандай иштеп чыгуу;
9. Окуу жылынын башында рейтингдин критерийлери өзгөчөлүккө жараша иштелип чыгып, ачык талкууланып, тиешелүү кеңештерде бекитүү;
10. Критерийлер так, максаттуу, ЖОЖду өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарына шайкеш келиш керек;
11. Баалоочулардын компетенттүүлүгү зарыл;
12. Рейтингди жүргүзүүгө жетекчиликтин жана профессордук-окутуучулук курамдын даярдыгын камсыздаш үчүн тренинг-семинарларды өткөрүү;
13. Рейтингдик баа берүүнүн принциптерин автоматташтыруу;
14. Университеттин, факультеттердин жана факультеттердин деңгээлинде рейтингдик көрсөткүчтөрдү эсепке алуу жана талдоо боюнча иш алып баруу ж.б.

Алдыңкы университеттердин тажрыйбаларына байкоо жүргүзгөндө алардын ийгилик булагы, негизинен, ички рейтинг жана анын жыйынтыктары тышкы баалоого байланыштуу экенине басым жасагандыгы аныкталды. Сапат түздөн-түз ага таасир эткен тарапка байланыштуу, мисалы, билим берүү сапатына студент да, окутуучу да таасирин тийгизет. Демек, университеттин ар бир кызматкеринин жоопкерчилигин жогорулатуу менен кошкон салымын баалап туруу керек. Мындан сырткары, жамааттык маданиятты, ынтымакты бекемдөө үчүн инсандык ишмердүүлүктү да баалоо зарыл.

Жогорудагы баалуулуктарды эске алып, ОшМУнун кыргыз филологиясы жана

журналистика факультетинин №1 ФАКТАПК кафедрасында 2020-2021-окуу жылынан баштап, кафедранын ишин башкаруунун жана жакшыртуунун маанилүү куралы катары ички рейтинг системасына басым жасалды. Жогорудагы рейтингдин максат-милдеттерин, критерийлерин, күтүлүүчү жыйынтыктарын кафедранын өзгөчөлүгүн эске алып аныктап, көрсөткүчтөргө жетишүүнүн механизмдерин, критерийлерин иштеп чыгып, кафедранын жыйынында талкууланып бекитилди. Башкаруунун инновациялык процесстеринде айкындуулук болушу керек. Сапат үчүн ар бир окуу жылынын аягында профессордук-окутуучулук курамдын ишинин конкреттүү көрсөткүчтөрү салыштырылып, көйгөйлүү маселелер үзгүлтүксүз такталып, талдоого алынып, өнүгүүнүн кийинки этабына өтүү механизмдери аныкталып, кошумча критерийлер толукталып турду. Анткени, эгерде ар бир кызматкер өзүн-өзү жана кызматкерди обьективдүү баалаган учурда гана ийгиликке жетери айкын болду.

Ички рейтингди жүргүзүү аркылуу кафедрада төмөнкүдөй өнүгүү катталды. ОПКнын өз кесибине болгон мамилеси өзгөрдү, сапаттуу билим берүүгө көңүл бурулду, ар тараптан тынбай изденүүгө, талыкпай эмгектенүүгө өбөлгө түзүлдү, ар бир окутуучу өз багытын так аныктап, өз ишмердүүлүгүн ачык баалоого үйрөндү, туруктуу өнүгүү камсыздалды, сапатка, реалдуу жыйынтыкка маани берүү калыптанды, ийгилик жарата албаган, сапаттуу билим бере албаган окутуучулар өз ишмердүүлүгүнө ачык баа берип, мындан ары иштөө-иштебөө чечимдерин кабыл алуу жанданды, жамааттык ынтымак чыңдалды, кафедраны өнүктүрүүнүн жана калыс башкаруунун негизги куралы такталды ж.б.

Кафедрада жарым жылдык, жылдык отчетторду тапшыруу-кабыл алуу ОПК үчүн жетишкендиктерди баалоо, сыйлоо, салыштыруу, өз багытын аныктоо, өнүгүүгө багытталган атаандаштыкты аныктоочу салтанаттуу жыйынга айланды. Төмөнкү таблицаларда ички рейтингге (2020-2021-окуу жылынан) маани бериле баштагандан тартып, үзгүлтүксүз жана тездик менен өнүгүү байкалган. Б.а. 2018-2019-жылдары 7% гана өсүү катталса, 2020-2021-2022-жылдардагы өнүгүү 63%га чейин жогорулагандыгы айкын көрүнүп турат.

Кафедранын окуу-усулдук, илимий жана тарбиялык иштеринин 5 жылдык көрсөткүчү:

**1-диаграмма**

Төмөнкү таблицада кафедранын 5 жыл ичиндеги“Мыктыокуу куралы”,“Мыктыкөрмө сабак”, студенти, аймактык олимпиаданын жана аймактык конференцияда женүүчү ж.б. боюнча 1-2-3-даражадагы дипломдор, жетишкендиктер эске алынган. Мында доцент, улук окутуучуга ар бир аталыш боюнча, ал эми окутуучуга бир аталыштагы жетишкендикке жетүү милдеттенмеси жыл сайын коюлган. Демек, 2018-2019-жылдары ички рейтингге маани берилбегенде көрсөткүчтөр төмөн жана өнүгүүдө өзгөрүү аз болгондугу көрүнүп турат.


**2-диаграмма**


Баалоо критерийлери (негизгилери сакталуу менен) ар жылы бирдей боло бербейт, университеттин өнүгүү стратегиясына, кафедранын жылдык иш планына, мерчемделген максатка жараша толуктоо-өзгөртүүлөргө учурап турушу ыктымал.

Жыйынтыктап айтканда, ишмердүүлүктүн бир эле (илимий) багытына гана басым жасоо менен комплекстүү өнүгүүгө жетишпей тургандыгына маани берүү керек. Мындан тышкары, рейтингде мыкты кадрдык профессионалдык ресурсту сактоо зарыл. Б.а. атаандаштыкта ийгиликке жетүү үчүн мыкты, компетенттүү, жоопкерчиликтүү, жаратман, чыныгы илимпоз-педагогдорду сактап калуу, аларга шарт түзүп берүү зор мааниге ээ. Анткени, университет кызматкерлеринин саны менен эмес, алардын ар биринин ишинин натыйжалуулугу менен бааланат.

Демек, рейтингде жазалоо же мыктыларды тандоо гана эмес, ар бир окутуучуга иштөөгө шык, жоопкерчилик, атаандаштыкка дем, сапатка кепилдик берип, авторитардык башкарууга, адам баалуулуктарына каршы турбашы керек. Рейтингдеги критерийлер комплекстүү, бирдиктүү системалуу болсо, иш системалаштырылат, бир топ көйгөйлөр чечилет, сапат өз натыйжасын берет, окутуучу өзүн-өзү өнүктүрөт, өзүн-өзү башкарат, ийгиликке жетүү жөндөмдүүлүгү калыптанат, алдыга максат коё алат, карама-каршылыктарга туруштук берүүгө көнүгөт, адамгерчиликтин жолун тандайт, өзүн жана өзгөнү ачык-айкын баалоого үйрөнөт. Анткени, ЖОЖдун рейтингинин деңгээлине жараша өлкөнүн өнүгүү абалы, билим берүүнүн сапаты аныкталат.

Демек, окуу жайдын интенсивдүү жана натыйжалуу өнүгүүгө багыт алган артыкчылыктуу стратегиясынын алкагында иш жүргүзүү - ар бир түзүмдүн жана кызматкердин милдети. Албетте, бул иш-аракеттер аркылуу илим менен өндүрүштүн ортосундагы жетишкендиктер менен дүйнөлүк илимий мейкиндикке чыгууга, дүйнөнүн алдыңкы изилдөө университтеринин катарына кирүүгө башка окуу жайларга салыштырмалуу байма-бай өнүгүү, сапаттуу билим берүүгө, изилдөөчү иш орундарынын мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуу кепилдиги жогору. Ошондуктан, университеттин стратегиялык пландарын көздөгөн ички рейтингдин ролу чоң.




● **Мугалимге кеңеш**

# Пикир алышууда эске алынуучу эрежелер

Пикир алышууга, ал кандай гана темада болбосун, маалымат алуучу менен берүүчүнүн ортосундагы система деп аныктама берсек болот. Бул жерде маани берүүчү эң негизги фактор, пикир алышуунун эки тараптуу болушу.

Пикир алышуу бир тараптуу болгон кезде, муну тек гана “маалымдоо” деп атаса туура болот. Ал эми эки тараптуу болгон кезде гана “пикир алышуу” деп кабыл алынат. Демек, эки адамдын ортосундагы байланыш дайыма эле “пикир алышуу” боло бербейт.

Пикир алышуу 3 этаптан турат:

Маалымат даярдоо;


Маалымат жеткирүү;

Маалымат кабыл алуу.

Пикир алышууда бул үч этап чоң мааниге ээ. Маалымат даярдоочунун маалыматы маалымат кабыл алуучуга кандай жетти? Мына ушул критерийге карап туруп, пикир алышууну «ийгиликтүү» же «ийгиликсиз» деп баалай алабыз. Мисалы, көп учурда маалымат жиберилгени менен кайсы бир «келишим» түзүлбөй калышы мүмкүн.

Маалымат кабыл алуучу биздин эмнени каалап жатканыбызды өзүнчө түшүнөт. Бирок, келишимге келүү чечимин кабыл алабы-жокпу, аны өзүнчө чечет. Маалымат жиберүүчү качан гана маалымат алуучуну көндүрүп, эки тараптуу макулдашууга жетишкенде «Келишим түзүлдү» деп айтууга болот. Ошондо гана маалымат алынды, түшүнүктүү болду жана кабыл алынды деп, 3 этаптын ийгиликтүү ишке ашкандыгына күбө болобуз.

Мугалимдер канчалаган саат, канчалаган күндөр, айлар жана жылдар бою сүйлөйбүз. Сабак өтөбүз. Бет мандайыбызда парталарда олтурган, көбүнчө да ун чыгарбаган окуучулардын оюнда эмнелер гана өтүп жатты экен?.. Чакалап гана төгүп жаткан маалыматтарыбызды кантип түшүнүп, кайсы маалыматтарды кандайча кабыл алып, кантип баа берип, үйрөнүп жатышат? Жиберүүчү алуучунун «алуу жыйынтыгын» билүүсү керек. Мугалим окуучуларга таасир этүү үчүн маалыматтарды канчалык жеткиликтүү топтогонуна жана темага канчалык терең



даярданганына карабастан, сабак өтүлө турган окуучуларды түшүнбөгөн болсо, анда мыкты жыйынтык чыгара албайт. Пикир алышуунун устаты болгон мугалимдер бул жагдайды эстен чыгарбашы керек. Окуучулардын жана ата-энелердин каалоолорун жана мүнөздөрүн ар тараптан таанып билбей туруп, үзүрлүү пикир алышуу мүмкүн эмес.

Мугалим досум бир жолу буларды айтып берди эле: «Окуучуларга сабак өтүү үчүн көптөгөн сааттар бою ар түрдүү булактардан пайдаланып даярданам. Чогулткан бардык маалыматтарды майда-чүйдөсүнө чейин түшүндүрүүгө аракет кылам. Бирок, окуткандарымды кайра сурай келгенимде эч кимисинен канааттандырарлык жооп уга албайм. Мындай кейиштүү жагдайга көп жолу дуушар болдум. Акыры иликтеп көрсөм, маанилүү болгон нерсе, окуучуга көп нерсени түшүндүрүү эмес экен. Маанилүү болгону - окуучулар эмнени кабыл алып, эмнени түшүндү, кептин баары мына ушунда экен».

Демек, жиберүүчүнүн “маалыматтары“ качан гана алуучуга толук кандуу жеткенде билим берүү жана тарбиялоо ийгиликтүү болду деп айта алабыз. Жиберүүчү менен алуучунун ортосундагы «пикир алышуу» жөнгө сала билүү мугалимдин мыкты чеберчилигинен кабар берет.

***Жантен Каянын «Мугалимдерге кеңеш» китебинен алынды.***

***Кыргыз тилине которулган вариантынын редактору Т.Алдакулов***

“Дидактика”
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Тургунбай АЛДАКУЛОВ

**Редакциялык кеңеш:**
З.Божонов, З.Пусуртегин, Г.Жутанова, А.Батыралиев, М.Ниязалиев

**Корректор:**
М.Турсунбекова

**Фото кабарчы:**
Р.Максутов

**Дизайнер:**
Дүйшөнбек Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Зинагүл Нуралиева
Айбарчын Кулушева
Кутманай Маликова
Маматкалилова Айжана
Арстанбек кызы Жаңылай
Эркинбек кызы Курманжан

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, “ММКны колдоо борбору” басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Нускасы: 1800 Буюртма №463

# ТЕШИК ЧАКА

Илгери-илгери өткөн заманда падышанын өтө кичипейил суу ташууучусу болуптур. Ал ак сарайга эки чоң чакасы менен суу ташычу. Чакалардын бирөөсү тешик, бирөөсү бүтүн болчу. Суу ташуучу бүтүн чакасы менен сууну толук бойдон, ал эми тешик чакасы менен жарымын гана жеткире алчу. Бул окуя эки жыл бою уланды. Суу ташыган киши ар дайым хан сарайга бир жарым чака суу алып келчү. Бүтүн чака өзүнүн жетишкендиги менен сыймыктанып, ал эми тешик чака кемчилигинин айынан уялып жүрчү. Күндөрдүн биринде тешик чака дарыянын жээгине келгенде суу ташуучу ээсине кайрылат:



- Мен аябай уялып жатам, сенден кечирим сурайм, - дейт.

- Эмне үчүн уялып атасың?-деп сурайт ээси.

Чака жооп берет:

- Себеби, тешигимдин айынан жумушумдун жарымын аткара албай жатам. Сен канчалык иштегениңе карабастан менин кемчилигимдин айынан эмгегиңдин акысын толук ала албай жатасың.


Суу ташыган киши:

- Падышанын ак сарайына бараткан жол боюндагы гүлдөрдү байкаган жоксуңбу?-деди да, чакаларына сууну толтуруп, ак сарайга бет алды.

Чака жолдо баратып жолдун аркы тарабындагы гүлдөрдү көрүп кубанды. А бирок, кайра эле тешиктен агып аткан сууларды карап, ээсинен кечирим сурады. Суу ташыган адам:

- Сен өз кемчилигиңди сезип, кайгырып атканың үчүн ал кемчилигиңдин натыйжасы ар дайым жакшылык менен аяктап жатты. Сенден тамчылап аткан суулардын бири да бейчеки төгүлбөдү. Сен жүрчү жолдун боюна гүлдүн уруктарын сээп койгом. Дарыядан кайтканыбызда сен аларга суу сээп өтүп жаттың. Эки жылдан бери сенин тамчыларыңдан өскөн гүлдөр падышанын ак дасторконун кооздоп келет. Сенин мындай кемчилигиң болбогондо жол боюндагы гүлдөр өсмөк эмес.

# “МИНУСТУН” ЗЫЯНЫ




Бир мугалим башынан өткөн бул окуяны мындайча баяндап берди:

Сабак учурунда пайдалуу деп ишенген бир усулум бар эле. Сабак өтүп жатып окуучулардын көңүлүн өзүмө буруу үчүн окуучуларымдан каалаган суроону сурайт элем. Эгер туура жооп берсе “плюс”, а эгер ката жооп берсе “минус” деген белги койчумун. Бир канча убакыттан кийин бул белгилерди чогултуп, баага айлантып, журналга түшүрөт элем.

Күндөрдүн бир күнүндө дагы бир окуучуну ордунан тургузуп, суроо сурай баштадым. Окуучу жооп бере албай койду. Башка окуучулардан сураганымда алар да эр жүрөктүк кылып жооп берүүгө батынган жок. Окуучуларды кызыктырыш үчүн ким жооп берсе “эки плюс” берем дедим. Албетте, окуучулар эгер ката жооп айтса “эки минус” аларын билет болчу.

Балдардын арасынан зээндүү окуган окуучумдан:

- Эмне үчүн кол көтөрүп жооп бербейсиң? Туура жооп берип “эки плюс” алууну каалабайсыңбы? - деп сурадым.

Окуучум, “жок агай, каалабайм” деп жооп кайтарды.

- Эмне үчүн?

- Себеби туура жооп бере албай калсам “минус” алып калам,-деди окуучум.

Бул жооп методикалык ыкмамдын каталыгынан кабар берип турду. Эң мыкты билген окуучуну да жооп берүүдөн коркутуп койгон мындай ыкма, демек, өзүн актабайт тура.

- Мейли, эгер сен мугалим болсоң эмне кылмак элең?

Бул суроону береримди күтпөгөн окуучум кичине ойлонду да:


Эгер мен мугалим болсом, суроого туура жооп бергенге “плюс” берет элем бирок, билбегенге “минус” бербейт элем, - деди.

Башка окуучуларга кайрылып “а силер бул жөнүндө кандай ойлойсуңар?”,- деп сурадым. Класстын баары сүйлөшүп алышкансып, бир добуштан “биз да класссташыбыздын оюна кошулабыз!” – дешти.


- Мейли, мындан кийин билбегенге “минус” койбойм.

Окуучуларым бул чечимимди ордунан туруп, кол чаап кабыл алышты. Окуучуларымда “минус” алуудан коркуу сезими жок болгондуктан, сураган бардык суроомо кол көтөрүп жооп берип жатышты.

**Али Чанкырылы**



# ЖАШООМДОГУ ЭҢ МЫКТЫ МУГАЛИМ



Бул окуя бир топ жыл мурун башталгыч класстын мугалиминин башынан өткөн. Айше эжеке сабагы башталган күнү эле кийим-кечеси кир, чачтары уйпаланган балага көзү түштү. Анын аты Билал эле. Ал 5-класста окучу. Айше эжеке балада бир көйгөй бар экенин байкап, анын “Өздүк делосун” таап, барактай баштайт. Окуп жатып аябай таң калат. Биринчи класста окуткан мугалими: “Билал акылдуу жана шайыр бала. Тапшырмаларын убагында аткарат жана досторунун арасында да кадыр-баркка ээ" деп жазат.

Экинчи класстагы эжекеси: “Эң мыкты окуучу, бирок апасынын оорусу аны аябай капалантат. Үй-бүлөдөгү жашоосу татаал сыяктанат”.

Үчүнчү класста окуткан мугалими: “Апасынын дүйнөдөн кайтышы ал үчүн өтө кыйын учур болду. Атасы балага жетиштүү убакыт да бөлө албай жатат. Эгер тез аранын ичинде кандайдыр бир иш-аракет жасалбаса үйдөгү атмосфера балага терс таасир этүүсү толук ыктымал”.

Төртүнчү класстагы эжекеси: “Билал эч ким менен сүйлөшпөйт жана мектепте сабакка кызыгуусу жок. Достору да жокко эсе. Кээде класста уктап калат”.

Мугалимдер күнү окуучулар эжекесине кооз кутудагы белектерин сунуп атышты. Билал болсо өтө этияттык менен каралжын кутудагы белегин эжекесинин столуна коюп койду. Айше эжеке өзүн дагы да кызыктай сезди. Билалдын белегинин окуучулардын көз алдында ачылгандыгы балага катуу тийди. Бир канча ташы түшүп калган билерик жана үчтөн бир бөлүгү гана калган атыр бар эле. Муну көргөн окуучулар шылдыңдап күлүп жатышты. Бирок, мугалим билериктин канчалык баалуу экендигин айтып, атырдын бир нече тамчысын сүртүп, башка окуучулардын күлкүсүн токтотту.

Ошол күнү сабактан кийин Билал мугалиминин жанына келип: “Эжеке, бүгүн сиз апамдай жыттанып турдуңуз”,-деди жерди карап.

Окуучулар кеткен соң мугалим көпкө ыйлады...

Кийинки күндөрү Айше эжеке Билалга өзгөчө көңүл бура баштады. Ал менен жекеме-жеке иштеп жатканда акылы кайрадан жанданганын сезди. Билалга эжекеси ишенген сайын аракети жакшырып атты. Жыл соңунда Билал эң мыкты окуучуга жана эжейинин эң сүйүктүү баласына айланды.

Айше эжеке бир жылдан кийин эшигинин алдынан бир кат таап алды. Кат Билалдан келген эле. Ичинде: “Жашоомдо көргөн эң мыкты мугалим - сизсиз” деген жазуу бар эле.

Билалдан экинчи кат 6 жылдан кийин келди. Катта Билал лицейди эң мыкты жетишкендиктер менен аяктаганын жана дале болсо Айше эжеке анын жашоосундагы эң мыкты мугалими экендигин жазган.

Айше эжеке 4 жылдан кийин Билалдан дагы бир кат алды. Катта университетте окуп жаткандыгы, эң мыкты жыйынтык алуу үчүн көп окуш керектигин жазып, дале болсо Айше эжеке анын жашоосундагы эң мыкты мугалими экендигин баса белгилеген.

Арадан дагы 4 жыл өткөн соң Билал жакшы жыйынтык менен университетти бүтүргөнүн жана карьерасын улантууну каалаганын, дагы да болсо мугалими ал тааныган эң мыкты мугалим экендигин билдирет. Бул жолку катында өз атынын алдына ”Медицина илиминин доктору”деген сөз кошулган эле.

Айше эжеке ошол жылдын жаз айларында дагы бир кат алат. Катта Билал бир кыз менен таанышкандыгын жана ал кыз менен турмуш куруунү чечкендигин баяндайт. Ал эми Айше эжекеден болсо ата-энесинин ордуна келип, нике тойдо күбө болуп берүүсүн өтүнөт.

Бул сураныччы Айше эжеке кантип аткарды деп ойлойсуз?

Ал тойго бара жатып Билал мугалимдер күнү белек кылган эскилиги жеткен билерикти тагынды жана апасы сыяктуу жыттанган атырды себүүнү унутпады.

Бири-бирин кучактап жатып, Билал мугалиминин кулагына: “Эжеке, мага ишенгениңиз үчүн жана мени жашоого кайрадан шыктандырганыңыз үчүн ыраазымын”,-деди.

Мугалиминин карегине жаш тегеренип кетти. “Сен жаңылышасың, Билал. Сага чейин мен мугалимдик эмне экенин билбегенмин. Сен болбосоң балким билмек да эмесмин. Андыктан, мен сага ырахмат айтышым керек” деди Айше эжеке көзүндөгү жашын аарчып жатып.